**Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча 2021-22- окуу жылдарында «Машине куруунун технологиясы» кафедрасындагы жүргүзүлүп жаткан иш чаралар**

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жалпы университеттин жана анын ичинде факультеттин иш планынын негизинде, кафедрада окуу жылынын башында мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш планы түзүлүп кафедранын отурумунда талкууланып деканат аркылуу бекитилген. Адаттагыдай эле окуу жылынын башталышынан бери иш планга ылайык мерчемделген иш чаралар өз мөөнөттөрүдө аткарылып келе жатат. Куратордук саатар ар бир куратордун иш пландарына ылайык малекеттик тилде өткөрүлүп жатат. Белгилеп айтсак кафедранын отурумунан тартып баардык иш кагаздар мүмкүн болушунча мамлекеттик тилде жүргүзүлүп жатат. Кафедрадагы көрнөк жарнактар, иш пландар жана жана лабораториялардын аталыштары биринчи мамлекеттик жана андан кийин башка тилдерге которулуп жазылган. Кафедрада окутуучулар тарабынан усулдук көрсөтмөлөр мамлекеттик тилде планга ылайык чыгарылып жатат жана кийинки окуу жылдарында дагы чыгарууга мерчемделген. Мисалга, Жумалиев Ж.М. жана Сопоев М.К. авторлордун: «Solid Works Системасы, жана «Материалдардын жана каптамалардын технологиясы” аталыштагы усулдук көрсөтмөлөрү басылып чыкты. У.М. Дыйканбаеванын “Жылуулук менен иштетүү», У.М. Дыйканбаева жана Т.С. Мамбеталиевдердин «Конструкциялык материалдар» 1-2-3- бөлүк болуп үч усулдук көрсөтмөлөрү басылып чыкты. Андан тышкары күзүндө университетте өткөрүлгөн мамлекеттик тил күнүндө окутуучулар Дыйканбаева У.М. жана Мамбеталиев Т.С., 1- даражадагы диплом менен жана акчалай сыйлыкка сертификат алышты. Жалпысынан алганда 6 усулдук көрсөтмө басылып чыкты. Андан тышкары Ж.М. Жумалиевдин профессор М.К. Асаналиев менен биргеликте жазышкан “Аспаптар жана технологиялар” аталыштагы китеби Министрликтин грифинин негизинде басмаканада басып чыгарылуу алдында турат. Жакынкы учурда бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары дагы мамлекеттик тилге которулуп окуу бөлүмүнө жиберилди.